ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

720040, Кыргызская Республика,
г. Бишкек, блв. Эркиндик, 30 (к. 5 и 7),
тел. 66-26-79, факс 62-07-60
e-mail: nadya.dobretsova@gmail.com,
ainura.balakunova@gmail.com

# Адамды өнүктүрүү тууралуу Улуттук доклад – 2010

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ



## Иш процессинин таржымалы. 2011-жылдын жаз – жай айлары

- **Июль, 2011. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун институционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн индекси (муниципалитеттер)**
- **Июль, 2011. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата жарандарды жана муниципалитеттердин кызматкерлерин сурамжылоо боюнча талаа иштери башталды**
- **Июнь, 2011. Адамды өнүктүрүүнүн жаңыртылган индексинин эсеп динамикасы аныкталды**
- **Май, 2011. Адамды өнүктүрүү тууралуу улуттук доклад муниципалитеттердин өнүгүү деңгээлин өлчөгөн индексти камтышы мүмкүн**
- **Май, 2011. Кыргызстанда адамдын өнүгүү деңгээли 2010-жылы адамды өнүктүрүү тууралуу Глобалдык Докладда киргизилген жаңы ыкмалар менен өлчөнөт. 2011-жылы 23-26-май күндөрү Братиславадан келген БУУнун ӨПнын адиси Михаил Пелях менен автордук жана эксперттик топтун чыгармачыл жолугушуусунун жыйынтыктары**
- **Апрель, 2011. Обого “Ачык Кыргызстан” берүүсү чыкты**
- **Март, 2011. Адамды Өнүктүрүү тууралуу Улуттук Докладдын Табиятынын бет ачары, анда 2011-жылдын темасы көрсөтүлгөн – Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана анын Кыргызстандагы адамдын өнүгүүсүнө таасири**
- **Февраль, 2011. Гипотезалар боюнча фокус-топтор**
- **Февраль, 2011. Коммуникациялык стратегия**
- **Ноябрь, 2011. Өнүктүрүү саясат институтунун алдында иштелип чыккан докладдын автордук тобу**

---

**Докладды иштеп чыгуунун процесси тууралуу толук маалымат төмөнкү интернет барактарда жайгаштырылды:**
**http://www.dpi.kg, http://www.open.kg/ru/mestnoesamoupr, http://nrhd.kloop.kg**

# Июль, 2011. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун институционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн индекси (муниципалитеттер)

Адамдын өнүгүүсүнүн сапаты жана ылдамдыгын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээли менен теңдөө максатында авторлор, жергиликтүү жана чет элдик адистер Кыргызстанда кошумча индексти киргизүүнү сунуш кылышты – Муниципалитеттин институционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн индекси. Бул синтетикалык индекс. Ал өзүнө муниципалдык башкаруунун түрдүү тармактарындагы индикаторлордун курамын камтыйт. Мисалы, фискалдык дарамети, административдик дарамети, экономикалык дарамети жана башкалар.

Балким сунушталган бул индекс өлкөнүн ичиндеги конкреттүү муниципалитеттердин өнүүгүсүн салыштыруу анализинин жакшы аспабы болуп берет.

| **Индекс жана көрсөткүчтөр** | **Чечмелөө** |
|---|---|
| **Экономикалык дараметинин индекси** | |
| Каржылык эмес тармактагы ишканалардын ишмердүүлүгүнүн каржылык көрсөткүчтөрү | Маалыматтар ЖӨБнун Улуттук статистикалык комитетинин аймактык бөлүмдөрүнүн басылмаларынан алынат |
| Айлык акылар | Маалыматтар ЖӨБнун Улуттук статистикалык комитетинин (УСК) аймактык бөлүмдөрүнүн басылмаларынан алынат |
| Муниципалдык жер | Бир гана көрсөткүчтү колдонуу зарыл: же муниципалдык жер боюнча, же ЖКБФнун жерлери боюнча. Муниципалитетти өнүктүрүү жагынан алганда эч ким ээлик кылбаган муниципалдык жерлер максатка ылайыктуу. Бирок башка жагынан алганда шаарларда ЖКБФнун жерлери дээрлик жокко эсе. Андыктан салыштырмалуу көрсөткүчтү колдонуу пландаштырылууда – калктын санына карата жер аянты. |
| Жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун (ЖКБФ) жерлери | |
| **Фискалдык мүмкүнчүлүктөрдүн индекси** | |
| Муниципалитеттин өз алдынча кирешелери, бюджеттеги үлүшү | Маалыматтар ЖӨБ жана Каржы министрлигинен алынат: салыктан түшкөн киреше жана салыксыз киреше, анын ичинде трансферттер (гранттар) |
| Жергиликтүү кызматтардын мүмкүнчүлүктөрүнүн индекси | |
| Суу жана канализация | Аймактагы суу түтүктөрү жана канализация тууралуу маалыматтар ЖӨБ УСК облустук басылмаларынан алынат. Алар үй чарбалыгынын санына бөлүнөт |
| Таштанды чыгаруу | Чыгарылган таштандынын көлөмү тууралуу маалыматтар ЖӨБнун УСК облустук басылмаларынан алынат. Алар үй чарбалыгынын санына бөлүнөт |
| Көчөлөрдү жарыктандыруу | Көчөлөрдүн жарыктандырылган бөлүктөрү тууралуу маалыматтар ЖӨБнун УСК облустук басылмаларынан алынат. Алар үй чарбалыгынын санына жараша бөлүнөт |
| Медициналык тейлөө жана ФАП | Маалыматтарды ФАП, Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, станционарлардын айылдык округдарынан алуу сунушталат. Салыштырмалуу көрсөткүч: медкызматкерлердин штатын үйлөрдүн санына бөлүү сунушталат. |
| Бала бакчалар | Ар бир айыл өкмөтүндө 2007-жылы төрөлгөн балдардын санын бала бакчалардагы оруңдардын санына бөлүү сунушталат, ошондо бул кызматтын камсыздалганынын коэфициенти чыгат. Маалыматтар ЖӨБнун УСК облустук басылмаларынан алынат. |
| Жакшы жолдор | “Көчөлөрдүн бөлүктөрү, жолдун боюнун төшөлүп чыкканы, км” тууралуу маалыматтар ЖӨБнун УСК облустук басылмаларынан алынат. Алар үй чарбалыгынын санына жараша бөлүнөт |
| Транспорт | Облустук борбор менен (облустук борборлор үчүн борбор менен) үзгүлтүксүз транспорттук байланыш тууралуу маалымат алуу сунушталат: автобус, маршруттук такси, такси. |

| Административдик мүмкүнчүлүктөрдүн индекси | |
|---|---|
| Жергиликтүү нормативдик-укуктук актылар (НУА) | Төмөнкү жергиликтүү НУА тууралуу маалымат алуу сунушталат:<br>▪ Бюджетти башкаруу тартиби тууралуу жобо<br>▪ Муниципалдык менчикти башкаруу тууралуу жобо<br>▪ ЖКБФнун жерлерин башкаруу планы |
| Жергиликтүү өнүктүрүү программалары | Бул жерде бир нерсени эске алыш керек: элеттик ЖӨБда программанын эки түрү бар: Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары (СЭӨП) жана стратегиялар. Бирок СЭӨПди индикатор катары кароого болбойт, себеби алар формалдуу, талкуусуз жана жергиликтүү калктын талаптарын эске албастан түзүлгөн. Жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген стратегиялар талап кылынат. |
| Айкындуулук жана отчеттуулук индекси | |
| ММК, веб-сайт жана маалымдоонун башка каналдары | Сайттын бар-жогу, ММК, чукул телефон номурлары тууралуу маалыматтар талап кылынат. |
| Маанилүү докмуенттердин үзгүлтүксүз жарыяланып турушу | Такчада төмөнкүлөрдүн болушу шарт: бюджет, муниципалдык менчиктеги объекттердин реестри, кеңеш депутаттарынын тизмеси жана алар менен байланышуу жолдору |

## Июль, 2011. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата жарандарды жана муниципалитеттердин кызматкерлерин сурамжылоо боюнча талаа иштери башталды

Сурамжылоого катышкандардын саны 1900 адамды түзөт, алардын 1700ү катардагы жарандар жана 200ү ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү.

Сурамжылоо негизинен дем алыш күндөрү же иш күндөрү кечки саат төрттөн кийин жүргүзүлөт. Себеби бул маалда үйдө пенсионерлер, үй кожойкелери, ишсиздерден тышкары жумушта иштеп келгендер да болот. Сурамжылоо жашы жеткендер арасында жүргүзүлөт (18 жаштан жогору). Үй чарбалыгында ( үйдө же батирде) БИР гана адам сурамжылоого катышат.

Шаарларда (Бишкектен башка) бардыгына белгилүү райондордогу үй чарбалыгынын тең саны сурамжылоого катышат. Башталышы – райондун борбору (борбордон бир квартал), багыты: Түндүк, Түштүк, Батыш, Чыгыш.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн ичинен сурамжылоого мэр же вице-мэр, 2-3 адис (жетекчилер, бөлүмдөрдүн жана департаменттердин кызматкерлери), жергиликтүү кеңештин депутаттары катышат.

Жалпысынан сурамжылоого Кыргызстандын 10 шаарынан респонденттер катышат: 593 үй чарбалыктары жана ЖӨБОнун 60 өкүлу.

Айылдарда: сурамжылоо айылдык округдун 2 айылында өтөт: борбордук аймак жана эң чакан айыл. Башталышы – айыл өкмөтүнүн имараты же кеңсе/чакан айылда башкарманын бөлмөсү, багыты (имараттан түрдүү багыттар боюнча бир квартал): Түндүк, Түштүк, Батыш, Чыгыш. Кадамы – шахматтык тартип боюнча бешөө.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн санынан айылдарда башчы же башчынын орун басары, жооптуу катчы, адис, жергиликтүү кеңештин 2 депутаты, айылдын 2 старостасы (сурамжылоо жүргөн ар бир айылдын старостасы).

Жалпысынан 20 айыл округдары боюнча 1107 үй чарбалыгы жана ЖӨБОнун 140 өкүлү респондент болуп катышат:

## Июнь, 2011. Адамды өнүктүрүүнүн жаңыртылган индексинин эсеп динамикасы аныкталды

2011-2012-жылдардагы докладда адамды өнүктүрүүгө тиешеси болгон адамды өнүктүрүү индекси жана башка индекстер 2010-жылы Адамды өнүктүрүү тууралуу Глобалдык Докладга киргизилген жаңы ыкмаларды эске алуу менен эсептелет.

Кыргызстандын 2011-2012-жылдардагы доклады жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган, андыктан бардык факторлорду эске алуу менен автордук топ индекстерди эсептөөнүн төмөнкү динамикасын сунуш кылат:

- 2006-жыл – баштапкы жыл, олуттуу саясий жана каржылык өзгөрүүлөргө чейинки (ошол эле учурда негизги мыйзамдык саясий демилгелер (шайлоо) киргизилген, башкача айтканда ЖӨБ бекитилген);
- 2007-жыл – каржылык өзгөрүүлөрдөн кийинки жыл (эки баскычтуу бюджет) жана жалпы калк үчүн жана анын ичинде ЖӨБ үчүн олуттуу саясий-укуктук өзгөрүүлөр (2007-жылы административдик вертикалды күчтөндүрүүгө негиз болуп берген Конституция кабыл алынды);
- 2008-жыл – ЖӨБнун саясий өз алдынчалуулугу (автономиясы) кескин кыскарган (кичи шаарларда жана айылдык муниципалитеттерде ЖӨБнун башчыларын түз шайлоо жокко чыгарылды), андан тышкары каржылык автономиясы (Салык кодекси кабыл алынып, “ЖӨБнун Каржылык-экономикалык негиздери тууралуу” жана “Бюджеттик укуктун негизги принциптери тууралуу” мыйзамдарга өзгөртүү киргизилди);
- 2009-жыл – саясий жана каржылык өзгөрүүлөрдөн кийинки жыл (шайлоолорду алуу жана ЖӨБнун салыктык базасын бир кыйла кыскарткан жаңы Салык кодексинин күчүнө кириши).

2003-жылдын динамикалык чекиттен алып таштоого төмөнкү нерсе себеп болду: бул жыл менен 2006-жылдын ортосунда ЖӨБнун бардык аспектилеринде олуттуу деле өзгөрүү байкалбайт. Эгерде ушундан алып караганда баштапкы чекит (2003) менен ортодогу чекиттин (2006) ортосундагы үч жылга созулган чоң ажырымды түшүндүрүү өтө татаал. Мындан тышкары 2006-2010-жылдары динамикалык катар биринчиден, өз нугунда, экинчиден, көптөгөн статистикалык жана башка маалыматтарды алуу ыктымалдыгы жогору, үчүнчүдөн, мына дал ушул убактылуу диапоазон саясатта да, практикада да орун алган чоң “секириктер” менен мүнөздөлөт.

## Май, 2011. Адамды өнүктүрүү тууралуу Улуттук доклад муниципалитеттердин өнүгүү деңгээлин өлчөгөн индексти камтышы мүмкүн

Кыргызстанда 2011-жылдагы АӨУД жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагындагы жана Кыргыз Республикасынын бардык коомун көрсөткөн жергиликтүү жамааттардагы адамдын өнүгүүсүн иликтөөгө арналган. Докладдын негизги принциптеринин бири – анда адамдын жашоо сапатын жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн – индекстерин өлчөгөн объективдүү көрсөткүчтөрдүн болушу зарыл. Башкы индекс – бул объективдүү статистикалык маалыматтарга таянган адамдын өнүгүүсүнүн индекси. Мындан тышкары доклад башка индекстерди да камтыйт, мисалы Көп кырдуу жакырчылыктын индексин.

Бирок адамдын өнүгүүсүнүн сапатын жана ылдамдыгын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээли менен теңдөө максатында авторлор, жергиликтүү жана чет элдик адистер Кыргызстанда кошумча индексти киргизүүнү сунуш кылышты – Муниципалитеттин институционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн индекси. Бул синтетикалык индекс. Ал өзүнө муниципалдык башкаруунун түрдүү тармактарындагы индикаторлордун курамын камтыйт. Мисалы, фискалдык дарамети, административдик дарамети, экономикалык дарамети жана башкалар. Индикаторлор өзүнө статистикалык көрсөткүчтөрдү камтыйт, мисалы жергиликтүү бюджеттердин өзүнүн кирешелеринин көлөмү. Мындан тышкары башкаруунун сапаты тууралуу маалыматтар, мисалы бизнести колдоо боюнча жергиликтүү нормативдик актылардын болушу.

Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрагасы Надежда Добрецова индекстин зарылчылыгын жана актуалдуулугун мындайча чечмеледи: Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладдын алкагында индекстер объективдүү кармоочтун ролун ойнойт, ага тиги же бул тармактагы улуттук өзгөчөлүктөр, адистердин пикирлери “орнотулуп”, анын айланасында божомолдор түзүлүп, сунуштар аныкталат. Бул биздин өлкө үчүн абдан маанилүү. Себеби биздин өлкөдөгү өнүгүүнүн глобалдык көйгөйлөрүнүн бири – объективдүү өлчөмдүн жоктугу, “темир бетондуу” фактологиялык маалыматтар, булардын негизинде ар бир ишмердүүлүктү пландоо керек болот. Биздин оору – эч негизделбеген гипотетизм, эч нерсеге негизделбеген божомолдордун алкагында пландоо, реалдуу фактыларга таянбастан өзүмбилемдик менен келечекти түзүү. Күнүмдүк жашообузда индекстерди кеңири колдонуу – ушул оорудан айыктырмак. Себеби бул оору өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына карата

өзгөчө билине баштады. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мындан аркы өнүгүүсүнүн тарапкерлери да, анын каршылаштары да өзүнүн гана тажырыйбасына, кимдир бирөөнүн көз карашына, же сейрек жүргүзүлгөн социалдык иликтөөлөрдүн фрагменттерине гана таянып келет. “Темир бетондуу” фактологиялык аргументтөө тиги тарапта да, бул тарапта да жокко эсе. Бул сунушталган индекс тараптарга тең салмактуу жана учурга жараша саясий чечимдерди кабыл алуу үчүн объективдүү аргументтерди бериши ыктымал. Мындан тышкары ал өлкө ичиндеги конкреттүү муниципалитеттердин өнүгүүсүнүн салыштырмалуу анализи үчүн жакшы аспап болуп бере алат. Биз жакынкы мезгилде коомчулукка индикаторлор жана аларды алуунун процессин мүнөздөгөн индекстин моделин сунуш кылабыз деген ишеничтебиз. Индекс канчалык кеңири талкууланса жана иликтенсе, ар түрдүү тепкичитерде чечим кабыл алган адамдар тарабынан колдонулат деген мүмкүнчүлүк жогору. Анын ичинде индекс Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча улуттук агенттикке да пайдалуу болот деп ойлойбуз. Мындан тышкары өлкөнүн бардык жарандарына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин сапатын объективдүү баалоо үчүн да зарыл болмок деген ойдобуз. Азырынча бардыгыбыз, анын ичинде Жогорку Кеңеш жана өкмөт да баа берүүдө “жагат-жакпайт” деген деңгээлден чанда гана көтөрүлүп келатабыз”.

## Май, 2011. Кыргызстанда адамдын өнүгүү деңгээли 2010-жылы адамды өнүктүрүү тууралуу Глобалдык Докладда киргизилген жаңы ыкмалар менен өлчөнөт. 2011-жылы 23-26-май күндөрү Братиславадан келген БУУӨПнын адиси Михаил Пелях менен автордук жана эксперттик топтун чыгармачыл жолугушуусунун жыйынтыктары

Бул тренинг 2010-жылы сентябрда отчеттун үстүнөн иштеген адистердин тобу үчүн өткөрүлгөн окуунун уландысы болду. Тренинг Адамды өнүктүрүү индексин жана адамдын өнүгүүсүнө тиешеси болгон башка индекстерди эсептөөнүн техникалык деталдарына басым жасады (2010-жылы Адамды өнүктүрүү тууралуу Глобалдык Докладга киргизилген жаңы ыкмалардын өзгөчөлүктөрү эсепке алынды). Бул тренингдин катышуучуларынын катарына докладды иштеп чыккан автордук жана эксперттик топ да кирди.
Тренингдин программасына төмөнкүлөр камтылды:

- Теңсиздик, гендердик теңсиздик индекси жана башка инновациялык индекстерди кошуу менен 2010-жыл жана 2011-жылдагы Адамдын өнүгүүсү тууралуу индексти эсептөөнүн жаңы ыкмалары. Мында бардык инновациялар жана жаңы жолдор, анын ичинде глобалдык индекстерди жергиликтүү шартта колдонуу камтылган.

- Статистикалык маалыматтар чечим кабылгандар үчүн да, академиялык чөйрө үчүн да отчеттун актуалдуулугуна таасирин тийгизерин аныктоо жана муну жалпы коомчулукка жеткирүү.

- АӨУДдын долбоорун кайра карап чыгуу жана иштеп чыгуу максатында бул баскычта автордук топ тарабынан чогултулган маалыматтарды талкуулоо.

Тренингдин натыйжасында анын катышуучулары төмөнкүлөрдү аныктай алды:

- Кыргызстанда колдонулган адамдын өнүгүүсүнүн индексинин стандарттуу эсеби үчүн маалыматтар, маалыматтарды белгилүү бир бөлүктөргө бөлүү мүмкүнчүлүгү жана ага борбордон алыстатууда актуалдуулук берүү.

- Кыргызстанда колдонулган көп кырдуу жакырчылыктын индексин эсептөө үчүн маалыматтар.

- АӨУДдын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун анализи үчүн адамдын өнүгүүсүнүн индикаторлорун колдонуу ыкмалары.

Тренинг-семинар БУУӨПнын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү менен БУУӨПнун Братислава шаарындагы кеңсеси тарабынан уюштурулду. Негизги баяндамачы катары илимий кызматкер Михаил Пелех чыкты.

Тренингдин жүрүшүндө авторлор жаңы “Муниципалитеттин институционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн индикаторун” иштеп чыгуу сунушун беришти.

## Апрель, 2011. Обого “Ачык Кыргызстан” берүүсү чыкты

Берүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө адамдын өнүгүүсүнүн шарттарына арналды. Берүүнү обого чыгарууга өкмөт тарабынан сунушталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу мыйзам долбоору себепкер болду. Эксперттер коому жана “Ата Мекен” фракциясы бул мыйзам долбоорун кескин сынга алды. Каршылыгын билдиргендер долбоор мурдагы президент Бакиевдин бийликти катаал борбордоштуруу аракеттеринин уландысы катары баалашты. посвященная условиям развития человека в среде местного самоуправления.

Докладды иштеп чыккан автордук топтун жалпы пикирин Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда Добрецова мындайча билдирди:

«Жаңы мыйзамдын бир нече долбоору бар - өтө көп өзгөрүүгө дуушар болбогондон тарта масштабдуу кодекске чейин. Ошол эле маалда бул долбоорлордун табияты тиги же бул саясий күчтөрдүн артыкчылыгын көрсөтөт. Мисалы, көз карандысыз эксперттер тарабынан даярдалган жарандык тармактын долбоору жергиликтүү маселелерди саясий, административдик жана каржылык принциптерге негизденип чечүүдө ЖӨБга эркиндик берүүгө багытталган. Аткаминерлердин долбоору бардыгын мурдагы бойдон калтырып коюуга багытталган: эскиче ыкма менен башкарып, аткаруучу бийлик мурдагыдай эле ар бир айылдын тагдырын Бишкектен эле чечкиси келет, мисалы, ЖӨБ органдарынын башчыларын кызматка дайындоо же алуу өңдүү маселелер. Партиялар болсо ЖӨБда өзүнүн аспабын көргүсү келет – алар партиялык курулуш инструментин колдонууну көздөйт. Мында партиялар үчүн жарым миңдей муниципалитеттерге караганда 50гө жакын райондор менен иштешкен жеңил. Алар ЖӨБнун жаңы деңгээлин курууну каалайт – бул система жарандардан алыстап, такыр эле “өз алдынча башкаруу” деген түшүнүккө туура келбейт. Чындыгында эле райондук кеңеш аткаруучу органга ээ эмес. Атүгүл аларда бул орган аткара турганда өз функциялары да жок. Жергиликтүү калк үчүн да райондук кеңеш Айдагы жер тилкесине окшош – эч кандай пайдасы жок. Райондук кеңештер аркылуу партиялар өз көзөмөлүнө 15 миң муниципалдык кызматкерди жана жергиликтүү кеңештин депутаттарын алгысы келет. Мындай аппарат жаманбы? Албетте партиялар түзүлүшү керек. Бирок партиялар адамдар жашаган жерде иштеши керек – район же облустарда эмес, шаарларда жана айылдарда. Бул кыйыныраак, чыгымдуурак, бирок шайлоочулардын добуштары сатылбастан, чын дилден чогултулушу керек”.

## Март, 2011. Адамды Өнүктүрүү тууралуу Улуттук докладдын табиятынын бет ачары, анда 2011-жылдын темасы көрсөтүлгөн – жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана анын Кыргызстандагы адамдын өнүгүүсүнө таасири

2011-жылы, 9-мартта БУУӨП Адамды Өнүктүрүү тууралуу Улуттук докладдын табиятынын бет ачарын өткөрдү. Анда 2011-жылдын темасы ачыкталды – Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана анын Кыргызстандагы адамдын өнүгүүсүнө тийгизген таасири. Бет ачар маалында авторлор тобу Кыргызстандагы ЖӨБ системасы, анын болжолдуу келечеги жана ЖӨБнун өлкөдөгү адамдын өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу гипотезаларды жарыялашты. Бет ачардын катышуучулары, Жогорку Кеңештин депутаттык корпусунун, өкмөттүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бейөкмөт жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү бул гипотезалар боюнча өз пикирин айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Өз көз карашын 48 адам билдирди, алардын 48 пайызын аялдар түздү. Пикирин айтууну каалаган катышуучулардын 29 пайызын мамлекеттик башкаруу органдарынын жана Жогорку Кеңештин, эл аралык уюмдардын жана долбоорлордун өкүлдөрү, 27 пайызын бейөкмөт тармактын, 13 пайызын ЖӨБнун өкүлдөрү түздү.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрөгө олуттуу таасир тийгизет.**
Катышуучулардын 52 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 42 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, ал эми 6 пайызы макул болгон жок.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – социалдык туруктуулуктун жана жаңжалды алдын алуунун башкы фактору.**
Катышуучулардын 54 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 44 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, ал эми 2 пайызы макул болгон жок.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жабык, моноэтникалык, обочодо калган жамаатты социалдык-маданий жактан өнүккөн коом менен интеграциялоодо башкы механизм.**
Катышуучулардын 52 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 42 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, 2 пайызы макул болгон жок, ал эми калган 4 пайызы жооп берүүдөн кыйналды.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргызстандын жаңы жаранын тарбиялоонун башаты.**
Катышуучулардын 42 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 50 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, 4 пайызы макул болгон жок, ал эми калган 4 пайызы жооп берүүдөн кыйналды.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн түрткүчү болууга жөндөмдүү жана салык базасынын өсүшүнө таасирин тийгизе алат.**
69% - толугу менен макул, 31% - кайсы бир деңгээлде макул

**Кыргызстанга жергиликтүү өз алдынча башкаруу кереги жок.**
Катышуучулардын болгону 2 пайызы бул гипотеза менен макул, 6 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, ал эми 87,5% макул эмес, калган 5 пайызы жооп берүүдөн кыйналды.

**Лидерлер (саясатчылар жана чарбачыл адамдар) жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүүдөн коркот.**
Катышуучулардын 40 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 42 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, 15 пайызы макул болгон жок, ал эми калган 4 пайызы жооп берүүдөн кыйналды.

**Жарым жартылай жана толук бышпаган мыйзам долбоору ЖӨБнун өнүгүүсүн кечеңдетет.**
Катышуучулардын 71 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 28 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, ал эми калган 2 пайызы макул болгон жок.

**Административдик-аймактык реформалардын ишке ашпай жатышы ЖӨБнун өнүгүүсүн токтотууда.**
Катышуучулардын 52 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 35 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, 6 пайызы макул болгон жок, ал эми калган 6 пайызы жооп берүүдөн кыйналды.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бардык саясий күчтөрдүн “оңой олжосу”, президенттер аны борбордоштуруу максатында колдонсо, азыркы саясий күчтөр ЖӨБну саясий курулуштун кызыкчылыгы үчүн курмандыкка чалганга даяр.**
Катышуучулардын 40 пайызы бул гипотеза менен толук макул болду, 46 пайызы кайсы бир деңгээлде макул, 6 пайызы макул болгон жок, ал эми калган 8 пайызы жооп берүүдөн кыйналды.

# Февраль, 2011. Гипотезалар боюнча фокус-топтор

Иш-чаранын бири катары фокус-топтор чыгат, анда белгилүү бир структуранын өкүлдөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маселелерин талкуулап, структура тууралуу субъективдүү пикирлерин билдирип, ЖӨБОда алган тажрыйбасы же ЖӨБ менен болгон алакасы тууралуу ой бөлүшөт.

Адамдын Өнүгүүсү тууралуу Улуттук Докладды иштеп чыгуунун алкагында (БУУӨПнын жылдык доклады) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ага таасирин аныктоодо бардык региондордо фокус-топтор өтөт. Март-апрель аралыгында (18.04.2011) жергиликтүү жамааттын, бейөкмөт уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен 10 жыйын өттү. Жалпысынан талкууга 77 адам катышты, анын ичинде кыркы ЖӨБОнун, отуз жетиси жергиликтүү жамааттын, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү. Фокус-топ Бишкекте да өтүп, ага Чүй облусунун, Каракол, Ош, Баткен жана Жалал-Абаддын ЖӨБОнун элеттик өкүлдөрү катышты.

Фокус-топтордогу талкуу программасы Өнүктүрүү саясат институтунун авторлор тобу берген гипотезаларын талкуулоонун алкагында түзүлгөн.

Жалпысынан фокус-топтун катышуучулары авторлордун Кыргызстанга жергиликтүү өз алдынча башкаруу кереги жок деген гипотезасынан тышкары баары менен макул болушту. Катышуучулардын арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын учурдагы башчылары, же бул милдетти убактылуу аткарып жаткандар да болуп, алардын ичинде борбордук бийликтин иш-аракеттерине ичи толбогон, өзгөрүүлөрдү күткөн маанай байкалып турду.

## Февраль, 2011. Коммуникациялык стратегия

Адамды өнүктүрүү боюнча Улуттук докладдын Коммуникациялык стратегиясы иштелип чыкты. Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруунун келечегин кеңири коомчулукта талкуулоого жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө адамдын өнүгүүсү үчүн шарт түзүүгө багытталган.

## Ноябрь, 2011. Өнүктүрүү саясат институтунун астында иштелип чыккан докладдын автордук тобу

Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) 2010-жылы Кыргызстандагы адамдын өнүгүүсү тууралуу жылдык Докладды иштеп чыгуусу үчүн ПРООН тарабынан сынактын негизинде тандалып алынган. Бул жылы ПРООН докладдын фокусун жергиликтүү өз алдынча башкаруу, тагыраак айтканда анын адамдын өнүгүүсүнө таасири деп аныктаган. Доклад жөн гана учурдагы кырдаалды, ЖӨБ системасындагы көйгөйлөрдү көрсөткөн, Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын жакшыртуу үчүн сунуш берген аналитикалык документ эмес. Доклад – коомдук талкуулардын процесси, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана эң негизгиси жеринде адамдарды өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык системасынын мүмкүнчүлүктөрү боюнча калктын калың катмарынын пикирин билүү. Коомдук талкуулар түрдүү структуралардын өкүлдөрүнүн, калктын калың катмарынын катышуусундагы ар кандай иш-чаралардын блогун камтыйт.